«Практика» сектору

Адаптациялык - педагогикалык практика

Адаптациялык - педагогикалык практиканын **максаты** – аналитикалык жөндөмдөрдүн топтомдоруна ээ кыла турган жана аларды жөнгө сала турган зарыл болгон практикалык жана сурап-билүүчү материалдарды берүү.

Аналитикалык жөндөмдөрдүн катарына төмөндөгүлөр кирет:

Операциялык жөндөм:

- сабакта педагогикалык процесстерди жана көрүнүштөрдү байкоо жана аларды синхрондуу протоколдоштуруу;
- байкоо жүргүзүлгөн сабактын максаттарын жана милдеттерин аныктоо;
- сабактын максат-милдеттерине карата, окутуу этабына карата жана контингентке карата колдонулган материалдарды баалоо;
- сабактын структурасынын тууралыгын баалоо;
- аудиториялык ишти уюштуруу формасын тандоонун тууралыгын баалоо жана конкреттүү окутуу шартына карата алардын максаттуулугун баалоо;
- окутуунун мазмунуна, коммуникативдик, тарбиялоочулук темаларды окутуу логикасына карата иштеп чыгуу, ынгайлашуу;
- окуу материалдарынын өздөштүрүлүшү боюнча студенттердин ишмердигин анализдөө;
- кептик ишмердиктин негизги түрлөрү боюнча жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу
- сабактын максатына жана милдетине жетүү даражасын аныктоо;
- байкалган көрүнүштөрдү мүнөздөөгө карата адекваттуу методикалык терминдерди колдонуу.

1) **Чыгармачылык жөндөм:**
   - мугалимдин «методикалык каталарын» аныктоо, алардын мүнөзүн жана себептерин түшүндүрүү;
   - байкоо жүргүзүлгөн сабактардагы окуу маселелери боюнча топтолгон ситуацияларды жөнгө салуу үчүн өзүндүн жеке чечиминдин варианттарын иштеп чыгуу;
   - иштелип чыккан варианттарды мугалимдин ролунда ойноо;
   - өзүк педагогикалык ишмердигинди баалоо;

- өздүк көз карашынды аргументтештирүү.

Педагогикалык практика (ПП) - 550300 «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча «Орус тили жана адабияты» профилинде студенттерди окутуудагы милдеттүү аспект болуп, келечектеги окутуучулардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Ал лингводидактикалык көндүмдөргө жана жөндөмдөргө негизделет.

ПП теориялык билимдерди практикалык көндүмдөр менен бириктирип, аларды реалдуу окутуу процессинде колдонууга мүмкүндүк түзөт.

Орус тилин окутуунун методикасы курсунун программасына ылайык ПП 3 этапка бөлүнөт жана 3-4-5-курстарда өткөрүлөт. Ал методикалык жана лингводидактикалык максаттарды ишке ашырууга багытталган.

<u>ППнын методикалык аспектисинин максаты:</u>

- студенттердин орус тили жана адабияты мугалиминин окутууга жана тарбиялоого багытталган ишмердигине байкоо жүргүзүү, анализдөө жөндөмүн калыптандыруу;
- окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердигин активдештирүүчү ыкмаларды колдонуу менен өз алдынча сабак өтүү;
- уюштуруучулук жана тарбиялык ишмердикти ишке ашыруу жана башка кесиптик жөндөмдөрдү өздөштүрүү;

Методикалык жөндөмдөр теориялык материалдарды үйрөнүүдө жана ачык сабактарга катышууда, аларды талкуулоодо калыптанат.

Прфессионалдык-базалык практика

Үзгүлтүксүз билим берүү системасы өндүрүштүн жана социалдык тармактардын суроо-талаптарына өз учурунда жооп кайтарууга жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик компетенттүүлүккө ээ адистерди даярдоо боюнча талаптарын камсыз кылууга милдеттүү.

Бул маселени чечүүдө студенттердин профессионалдык-базалык практикасы да өз салымын кошуп көмөктөшүшү керек. Анткени бул иш окуу процессинин уландысы жана орус тил мугалимдерин даярдоо процессинин составдык бөлүгү болуп эсептелет.Практика – орус тилин окутуунун методикасынын теориялык негиздерин үйрөтүүнүн ортосундагы байланыштыруучу звено.

Профессионалдык-базалык практикада убакыт төмөндөгүдөй бөлүштүрүлөт:

Биринчи жумада студенттер мектептин педагогикалык жамааты менен таанышат, андагы өзүнүн орду аныкталат, мектептеги окуу-тарбия процессин уюштуруу шарттары менен таанышат, милдеттер каралат, практика учурунда аткарыла турган иштер белгиленет, план-конспекттер иштелип, сабак өтүүгө даярдык көрүлөт.

Алдыдагы үч жумада студенттер мугалимдин же методисттин көзөмөлү алдында сабак өтүшөт.

Профессионалдык-базалык практика мезгилинде студенттер өздөрүн келечектеги илимий кызматкер катары көрсөтүп, төмөндөгүдөй формада ИИИ жана СИИИ ишке ашырышы керек:

1) **Окутуу методдоруна өтө кылдат мамиле кылуу;**
   - окуу процессине базалык методдордун негизинде жаңыча көрүнүштөрдү киргизүү;
   - окуу-методикалык куралдарды даярдоого катышуу (таблица, карточка, жөнөкөй компьютердик программа, перфокарт ж.б.);
   - ар кандай сабактын типтери боюнча план-конспект түзүү үчүн китепканада материал топтоо иштери;
   - орус тили сабагына өз алдынча даярдык;
   - мектепте кружок иштерин уюштуруу;
   - өздүк план-конспект боюнча келип чыккан бардык маселелерди коргоо жөндөмү.
2) **Төмөндөгүдөй формада гностикалык жөндөмдөрдү калыптандыруу:**
   - байкоо жана өзүн-өзү байкоо;
   - сурамжылоо;
   - педагогикалык эксперимент;
   - материалды статистикалык иштеп чыгуу;
   - топтолгон материалды анализдөө жана аны курстук жана квалификациялык иштерди жазууда колдонуу.

Квалификация алдындагы практика

Квалификация алдындагы практикада студенттер өздөрүнүн педагогикалык ишмердигин жакшыртуу боюнча иштерин улантышат. Эгерде студенттер биринчи практикада, эреже катары, негизинен түшүндүрмө-көрсөтмөлүү методу колдонушса (кээде эле изилдөөчү жана проблемалуу ыкма), квалификация алдындагы практикада аталган эки ыкма мугалимдин ишиндеги эң башкы ыкма болуп калат. Студенттер өз алдынча методдорду тандоо жөндөмүнө ээ болушат.

Аталган практикада студенттерге өз алдынча иш алып барууга мүмкүндүк берилет. Студенттер окутуучулук иш менен класс жетекчилик ишти бирге алып барышат. Иштин жыйынтыктоочу этабы болуп, орус тилин терең өздөштүрүү максатында өткөрүлүүчү предмет боюнча кластан тышкаркы иш чара эсептелет.

Ошентип, квалификация алдындагы практикада студенттерден окуучулар менен комплекстүү окуу-тарбиялык иштерин уюштуруу талап кылынат. Мугалимдерди даярдоодогу жана алардын кесипкөй адис катары өсүшүндөгү өзгөчө маани берүүчү жагдай – бул сабакка жамааттык анализ жана өздүк анализ жүргүзүү. Студенттер сабактын сүрөтүн гана элестетишпейт, алар сабактын бардык этаптарын баалашат, мугалимдин ишмердигиндеги ийгиликтери менен кемчиликтерин белгилешет.

Сабакты анализдөө мурда иштелип чыккан схема боюнча жүргүзүлөт.

Тарбиялык иштер класс жетекчилик иш менен эле чектелбейт. Студенттер орус тили боюнча класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүшөт. Бул боюнча алдын-ала план түзүлөт, балдарды даярдашат жана иш чарага карата жабдыктарды да даярдашат.

Квалификация алдындагы практикада студенттер илимий-изилдөөчүлүк иштерди улантышат, эксперименттин статистикалык иштелмесин жыйынтыктап, аны баяндоого өтүшөт.

Квалификация алдындагы практиканы өткөндөн кийин студенттер кафедрага төмөндөгүдөй иш кагаздарын өткөрүшөт:

- орус тили боюнча практика мезгилиндеги календардык план;
- орус тили боюнча тематикалык план;
- практика өткөн жерден маалымкат, мектеп директорунун күбөлөндүрүүсү менен;
- предметтик мугалимдин, класс жетекчинин колу коюлган жана мектептин директору тарабынан күбөлөндүрүлгөн мүнөздөмө;
- практика боюнча отчет;
- бардык зачеттук сабактын темалары, датасы, баалары көрсөтүлгөн жана предметтик мугалимдин колу коюлган таблица (профессионалдык-профилдик практикадан кийин);
- орус тили боюнча бир сабактын план-конспектиси, таратуучу дидактикалык материалдардын топтому;
- орус тили боюнча зачеттук класстан тышкаркы иш чаранын план-конспектиси.

Жогоруда көрсөтүлгөн иш кагаздарын тапшыруу жана материалдарды (сабактын конспектиси, сабактын анализи, орус тили боюнча класстан тышкаркы иш чаранын анализи) коргоо бир мезгилде өтөт.

Үз тыбыштар
жөндөмөлөр
СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ
СИНТАКСИС

Ар бир элдин тили ошол элди
кылымдык акылынан, ген
жаралган кымбат жана табыл
Чын

АЛФАВИТ
3·3=9
8:4=2
5+3=8
СУММА
6−2=4
РАЗНОСТЬ